**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XIV сессиясынын № 25 токтому

**18-август 2023-жыл**

**Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн муниципалдык менчиктеги комбайындын кызмат акысы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 27-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Бюджет Кодекси жөнүндө” жана 2002-жылдын 15-мартындагы “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 19-беренесин жетекчиликке алып, Төрт-Күл айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төрт-Күл айыл аймагынын муниципалдык менчиктеги комбайындын айыл элине кызмат кылууда, алынуучу акысы 1 га жерге 2000 сом, 25 литр күйүүчү май болуп 2023-жылга бекитилсин жана төлөмдөр “Таза айылым” муниципалдык ишканасына төлөнсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн “Таза айылым” муниципалдык ишканасынын жетекчисине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн башчысы У.Төлөновго тапшырылсын.

**Төрага** **У.Карыпбаев**